**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Б. СЫДЫКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К 08.22.656 Диссертациялык кеңеши**

*Кол жазма укугунда*
*УДК 323.3(575.2)*

**Касымова Сюита Манасовна**

# РЫНОК ШАРТТАРЫНДА СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДООНУ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН РЕГИОНДУК БАГЫТТАРЫ
(Ош облусунун мисалында)

08.00.05 – тармактык экономика

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациянын авторефераты

**Ош – 2024**

Диссертациялык иш М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин экономика жана финансы кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси:** **Атабеков Алмаз Каримович,**
экономика илимдеринин доктору, доцент,
М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин экономика жана башкаруу факультетинин деканынын м.а.

**Расмий оппоненттер:**

**Жетектөөчү мекеме:**

Коргоо 2024-жылдын «___» ___________ саат ______ дө Ош мамлекеттик университетинин жана Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин алдындагы К 08.22.656 диссертациялык кеңешинин отурумунда өткөрүлөт, дареги: 723500, Кыргыз Республикасы, Ош ш., Масалиев проспектиси, 80. Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: _____________

Диссертация менен ОшМУнун китепканасынан (723500, Кыргыз Республикасы, Ош ш., Ленин көч., 331), жана Б. Сыдыков атындагы КыргызӨзбек Эл аралык университетинин китепканасынан (723500, Кыргыз Республикасы, Ош ш., Г. Айтиев көч., 117б), ошондой эле ДКтин сайтынан таанышууга болот https://vak.kg/k_08_22_656/125063/

Автореферат 2024-жылдын «___» ___________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин кандидаты Исманалиев К.И.

## ИШКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Дүйнөлүк тажрыйба рыноктук экономикалык система инфляция, жумушсуздук, калктын киреше деңгээли боюнча ажырымы сыяктуу кемчиликтер менен коштолоорун көрсөттү. Мындан улам калкты терс рыноктук кубулуштардан коргоо маселелери мамлекеттин эң маанилүү милдеттеринин бири жана артыкчылыктуу функциясы болуп калууда. Кыргызстандагы рыноктук өзгөрүүлөр, тилекке каршы, экономикадагы реформалык иш-аракеттер менен калктын аялуу катмарларынын материалдык абалынын ортосундагы карама-каршылыктардын курчушуна алып келди.

Бүгүнкү күндө социалдык коргоо мамлекеттик чыгымдарынын эн чоң статьяларынын бирин (50% жакынын) түзөт. Социалдык-экономикалык саясатты калыптандырууда, КР социалдык мамлекет катары социалдык адилеттүүлүк жана коомдун социалдык тилектештиги принциптерин карманышы керек. 2018-2040-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын адилеттүү социалдык коргоону калыптандыруу милдети ТӨМдүн 1.2 «2030-жылга карата кедейчиликте жашаган бардык курактагы эркектердин, аялдардын жана балдардын үлүшүн, улуттук аныктамаларга ылайык, жок эле дегенде жарымга кыскартуу» глобалдык маселесине ылайык келет. Бул контексттен алганда социалдык коргоо системасын, айрыкча региондордо жакшыртуу, аны өркүндөтүү жолдорун иштеп чыгуу мамлекеттин маанилүү маселелеринин бири болуп саналат. Көйгөйдүн актуалдуу болгон менен жетишсиз изилдениши теманы тандап алууга түрткү берди.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар, билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлгөн негизги илим-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иштин темасы 2018-2040-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы, Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук программасы, 20202023-жылдарга Кыргыз Республикасында эмгек жана калкты социалдык коргоо чөйрөсүн өнүктүрүүнүн программасы менен байланышкан, жана Ош технологиялык университетинин экономика жана финансы кафедрасынын «Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүдө региондордун ички социалдык-экономикалык потенциалын талдоо жана баалоо» аталышындагы илимий изилдөөлөр темасынын алкагында аткарылды.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун калкты социалдык коргоо системасынын өнүгүү тенденцияларын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөөнүн, анын региондук өзгөчөлүктөрүн

аныктоонун негизинде аны өркүндөтүү боюнча теориялык, методологиялык жоболорду жана илимий-практикалык сунуштамаларды негиздөөдө турат.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн **төмөнкү милдеттер** коюлду жана чечилди:

- рынок экономикасынын шарттарында социалдык коргоонун маңызын, мазмунун жана функцияларын жалпылоо, системалаштыруу жана теориялыкметодологиялык жактан тактоо;
- чет өлкөлөрдүн алдыңкы тажрыйбасын изилдөөнүн негизинде калкты социалдык коргоо системасын калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу факторлорун аныктоо жана негиздөө;
- Кыргыз Республикасынын Ош облусунун калкты социалдык коргоо системасынын региондук өзгөчөлүктөрүн жана өнүгүү тенденцияларын, көйгөйлөрүн жана артка тартуучу факторлорду аныктоо;
- региондо калкка социалдык колдоо көрсөтүү жана коргоо системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын аныктоо;
- социалдык коргоого чыгымдардын 2025-жылга чейинки божомолун жасоо;
- Кыргыз Республикасынын Ош облусунун калкын социалдык коргоонун каржылык механизмин өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** калкты социалдык коргоону өнүктүрүүнүн объективдүү шарттарын теориялык жана методологиялык жактан негиздөөдө, аны рынок шарттарында өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштамаларды иштеп чыгууда турат. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары төмөнкүлөр:

- калкты социалдык коргоонун түшүнүк аппараты такталды жана социалдык-экономикалык маңызы, мазмуну ачып көрсөтүлдү, рынок шарттарында калкты социалдык коргоонун натыйжалуу системасын калыптандыруунун формалары жана принциптери калыптандырылды, анын функциялары толукталды;
- өлкөнүн экономикасында социалдык коргоонун орду жана ролу негизделди, чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын изилдөөнүн негизинде калкты социалдык коргоонун приоритеттүү факторлору жана Кыргызстандын тажрыйбасына жарамдуу шаймандары аныкталды;
- Кыргыз Республикасынын Ош облусунун калкты социалдык коргоо системасынын абалын жана өнүгүү тенденцияларын комплекстүү талдоонун натыйжасында анын региондук өзгөчөлүктөрү, көйгөлөрү жана артка тартуучу факторлору аныкталды;

- КР региондорунда калкка социалдык колдоо көрсөтүү жана калкты социалдык коргоо системасынын стратегиялык багыттары сунуш кылынды;
- социалдык коргоо системасын өркүндөтүү боюнча сунуштамалар иштелип чыкты жана тренддик моделдердин негизинде калкты социалдык коргоого чыгымдардын божомолу жасалды;
- социалдык коргоо системасын каржылоонун өркүндөтүлгөн каржылык механизми, Кыргыз Республикасынын Ош облусунда социалдык иштин перспективдик модели сунуш кылынды.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн негизги теориялык жоболору жана практикалык сунуштамалары мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдары тарабынан калкты социалдык коргоону өнүктүрүү стратегияларын жана перспективдик программаларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык изилдөөнүн материалдары ЖОЖдордо «Улуттук экономика», «Макроэкономика», «КРнын социалдык саясаты», «Социалдык иштин экономикалык негиздери» дисциплиналарын окутуу процессинде, ошондой эле калктын жашоо деңгээлин талдоо жана божомолдоо менен алектенген мекемелердин жана уюмдардын ишинде пайдаланылышы мүмкүн.

**Алынган жыйынтыктарды экономикалык маанилүүлүгү.** Диссертацияда алынган илимий жыйынтыктар, теориялык жана практикалык сунуштамалар Кыргыз Республикасынын Ош облусунда социалдык коргоонун негизги жоболорун тактайт жана толуктайт. Диссертациялык иштеги сунуштар республиканын региондорунда калктын жашоо денгээлин жогорулатуу үчүн негиз катары кызмат кылышы мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого алынып чыгуучу негизги жоболору:**

- такталган аныктамалар: социалдык коргоонун - калкты кедейчиликтен, жумушсуздуктан, карылыктан, оорулардан ж.б. социалдык “оорулардан” коргоо жаатында өлкөнүн мыйзамдары менен бекитилген материалдык жана моралдык колдоо көрсөтүү боюнча мамлекеттик иш-чараларынын комплекси катары; социалдык камсыздоонун – жарандарды курагы, майыптыгы, милдеттүү пенсиялык камсыздандыруу, медициналык камсыздандыруу, ооруу, жумушсуздук боюнча жөлөк пул, багуучусун жоготуу учуру жана мыйзамда каралган башка учурларда бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттардын эсебинен камсыздоого багытталган мамлекеттин социалдык саясатын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын системасы катары; социалдык саясаттын – мамлекеттик саясаттын калкты социалдык камсыздоонун жана коргоонун институционалдык негизи жана механизми болуп саналган эң маанилүү түзүүчүлөрүнүн бири катары; ошондой эле

социалдык коргоонун толукталган функциялары – камсыздандыруучу жана эскертүүчү;

- КМШ жана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн тажрыйбасын изилдөөнүн натыйжаларында аныкталган Кыргызстандын тажрыйбасында колдонууга ылайыктуу социалдык коргоонун шаймандары, чаралары жана формалары, атап айтканда даректүү социалдык жардам көрсөтүү, социалдык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн жана калктын эң муктаж болгон категорияларына даректүү социалдык колдоо көрсөтүүнү камсыз кылууга багытталган атайын программаларды ишке ашыруу;
- Кыргыз Республикасынын Ош облусунда калкты социалдык коргоонун учурдагы абалын жана өнүгүү тенденцияларын комплекстүү талдоонун жыйынтыгында аныкталган аймактык өзгөчөлүктөрү, анын өнүгүүсүнүн системалаштырылган көйгөйлөрү жана факторлору;
- Кыргыз Республикасынын региондорунда калкка социалдык колдоо көрсөтүү системасын өнүктүрүүнүн сунушталган артыкчылыктуу багыттары;
- Кыргыз Республикасынын Ош облусунун калкты социалдык коргоого чыгымдарынын прогноздук көрсөткүчтөрү жана социалдык коргоо системасын өркүндөтүү боюнча сунуштамалар;
- КРнын калкты социалдык коргоонун өркүндөтүлгөн каржылык механизми жана социалдык иштин перспективдүү модели.

**Изденүүчүнүн жекече салымы** региондордо социалдык коргоону өнүктүрүүгө теориялык-методологиялык көз караштарды өнүктүрүүдө, өлкөнүн региондорунун социалдык өнүгүүсүнүн абалын жана тенденцияларын комплекстүү талдоонун негизинде региондордо калкты социалдык коргоо системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын иштеп чыгууда турат.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын сыноодон өткөрүлүшү**. Изденүүчү Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүндө «Ош облусунун 2023-2028-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү стратегиясынын» долбоорун даярдоого катышты. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда, форумдарда, семинарларда талкуудан өткөрүлдү, алар: «XII международная конференция по научному развитию Евразии» ( Вена ш., 2017-ж.); «Международные тенденции өнүктүрүү в области науки и техники» (Варшава ш., 2018-ж.); «Экономика современного Кыргызстана: проблемы и перспективы развития» (Бишкек ш., 2019-ж.); «Развитие диаспор в Центральной Азии - важный фактор устойчивого развития» (Ташкент ш., 2022-ж.) ж.б.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын публикацияларда толук чагылдырылышы**. Диссертациялык иштин жыйынтыктары автордун 15 илимий макаласында чагылдырылган, анын ичинен РФ РИНЦ – 5, КР – 5, башка басылмаларда – 5. Басылмалар боюнча жалпы көрсөткүч 213 баллды түзөт.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү** максатка жетүү жана коюлган изилдөөчүлүк милдеттерди чечүү логикасы менен шартталган, шарттуу белгилердин тизмесинен, киришүүдөн, үч баптан, тыянактардан жана колдонулган булактардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү 182 беттен, анын ичинде таблицалардан жана сүрөттөрдөн турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык жана экономикалык маанилүүлүгү аныкталып, коргоого алынып чыгуучу негизги жоболор чагылдырылды, алардын сыноодон өткөрүлүшү, изилдөөнүн жыйынтыктарынын басылмаларда толук чагылдырылышы, ошондой эле диссертациялык изилдөөнүн натыйжалуулугунун негизги жоболору көрсөтүлдү.

Биринчи **«Рынок шарттарында социалдык коргоону өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык аспектилери»** деп аталган бапта калкты социалдык камсыздоонун жана социалдык коргоонун теориялык жоболору негизделди жана чет өлкөлөрдүн тажрыйбасы изилденди.

Өткөөл мезгилде оциалдык-экономикалык өнүгүүнүн жана социалдык чөйрөнү өнүктүрүүнүн ар кандай аспектилерин изилдөөгө ата мекендик окумуштуулар К.А. Абдымаликов (53, 2010), Р.К. Акназарова (56, 2004), Р.Э.Асизбаев (65, 2012), А.Н. Аюпов (66, 2012), Т.К. Камчыбеков (95, 2018; 96, 2018), Т.К. Койчуев (104, 2010), А.А. Кочербаева (108, 2006), З.И. Кудабаев (111, 2004), Ч.Р. Кулуева (114, 2016), Н.Х. Кумскова (115, 2001), П.К. Купуев (116, 2010), Ш.М. Мусакожоев (129, 2016), Ч.К. Райымбаев (141, 2016; 142, 2006; 143, 2017), А.А. Саякбаева (149, 2007), С.Е. Савина (145, 2018), Б.А. Токсобаева (160, 2017), К.Ш. Токтомаматов (162, 1999), К.А. Токторбаева (163, 2017), Т.И. Турдиев (164, 2019), С.К. Турдубаев (166, 2018) ж.б. олуттуу салым кошушкан.

Рынок шарттарында социалдык камсыздоо системасын өркүндөтүү жана модернизациялоо, калкты социалдык коргоону жана анын айрым компоненттерин башкаруу маселелелерине Алиев Б.Д. (58, 2017), Асаналиева Г.Т. (64, 2008), Бабаева А.Д. (67, 2012), Джуматаева Г.М. (78, 2012), Дооронбекова Н.М. (82, 2012), Жапарова З.Д. (84, 2014), Зикираев М.Т. (87, 2012), Исанова М.Н. (89, 2020), Исманов Ж.Б. (94, 2015), Курманбекова М.О. (119, 2014), Нурмукамбетова Ж.К. (131, 2015), Саадабаева Ф.А. (144, 2007),

Таалайбек М. (157, 2011), Ташибеков Т.Ч. (159, 2021), Д.А. Усоналиева (169, 2016; 170, 2013), Хамзаева А.М. (172, 2015) ж.б. изилдөөлөргө арналган.

Чет өлкөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын илимий изилдөөлөрүн карап чыгып, рынок шарттарында калкты социалдык коргоо системасын өнүктүрүүнүн айрым аспектилери региондордун деңгээлинде анча изилденген эмес жана талаш-тартыштуу экендигин белгилөөгө болот. Бул изилденүүчү көйгөйгө көз караштардын көп түрдүүлүгү эле эмес, жаңы кырдаалдардын келип чыгышы, тез өзгөрүп жаткан шарттар менен да түшүндүрүлөт, бул системалуу изилдөөлөрдү талап кылат.

Авторлордун (Жарова Н.А., Николаев А.В., Павлова И.В., Абдымаликов К.А., Саякбаева А.А., Райымбаев Ч.К., Курбанов К. ж.б.) ар кандай чечмелөөлөрүн талдап чыгып, биз социалдык камсыздоонун бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттардын эсебинен жарандарды мыйзамда каралган жаш курагы, майыптыгы боюнча милдеттүү пенсиялык камсыздандыруу, медициналык камсыздандыруу, ооруу, жумушсуздук боюнча жөлөк пул, багуучусун жоготуу учуру жана башка учурларда камсыздоого багытталган мамлекеттин социалдык саясатын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын системасы катары аныктамасын сунуштайбыз.

Окумуштуулардын (Крупенков В.В., Береснев Е.Б., Павлова И.В., Жуков В.И., Кудабаев З.И., Арынова Н.С., Зикираев М.Т. ж.б.) «социалдык коргоо» түшүнүгү боюнча пикирлерин жалпылоонун жана системалаштыруунун негизинде төмөнкүдөй аныктаманы сунуштайбыз: «социалдык коргоо - бул калкты ар түрдүү социалдык “ооруулардан”, тактап айтканда кедейчиликтен, жумушсуздуктан, карылыктан, ооруулардан ж.б. коргоо жаатында өлкөнүн мыйзамдары менен бекитилген материалдык жана моралдык колдоо көрсөтүү боюнча мамлекеттик иш-чараларынын комплекси. Социалдык коргоонун классикалык функцияларын (экономикалык, саясий, демографиялык, социалдык-реабилитациялык жана коргоо) кененирээк карап чыгып, алдыналуучулук жана камсыздандыруучулук функциялары менен толуктадык.

Калкты социалдык коргоо системасы өзүнө социалдык камсыздоону, социалдык камсыздандырууну, социалдык кепилдиктерди жана социалдык жардамды камтыйт, алардын түзүлүшү 1.1-таблицада берилди.

1.1-таблица - Калкты социалдык коргоонун түзүлүшү

| **Социалдык камсыздоо** | **Социалдык камсыздандыруу** |
|---|---|
| - социалдык тейлөө, социалдыкмедициналык, психологиялыкпедагогикалык, социалдык-укуктук кызматтарды көрсөтүү;<br>- материалдык жардам; | - пенсиялык камсыздоо;<br>- убактылуу эмгекке жарамсыздык, энелик (аталык) жана балалык учурларын социалдык камсыздандыруу; |

| | |
|---|---|
| - жарандарды социалдык адаптациялоону жана реабилитациялоону ишке ашыруу | - өндүрүштүк жаракаттардан жана кесиптик оорулардан социалдык камсыздандыруу;<br>- медициналык камсыздандыруу;<br>- жумушсуздуктан социалдык камсыздандыруу |
| **Социалдык кепилдиктер** | **Социалдык жардам** |
| - жашоо минимуму;<br>- минималдык эмгек акы;<br>- минималдык пенсия;<br>- минималдык жөлөк пул | - акчалай төлөмдөр (социалдык жөлөк пулдар, субсидиялар);<br>- натуралдык төлөмдөр (күйүүчү май, кийим, бут кийим, дары-дармек, тамак-аш азыктары) |

Булагы: ченемдик материалдардын жана атайын адабияттарды изилдөөнүн негизинде автор тарабынан түзүлдү

Э.М. Черненконун, Р.Е.Симановдун, Ш.М. Мусакожоевдин, Б.А.Токсобаеванын ж.б. концепцияларын жана чечмелөөлөрүн иликтөөнүн негизинде биз социалдык саясаттын төмөнкүдөй аныктамасын сунуштайбыз: «социалдык саясат мамлекеттик саясаттын эң маанилүү түзүүчүлөрүнүн бири болуп саналып, социалдык камсыздоонун жана калкты социалдык коргоонун институционалдык негизин түзөт жана ишке ашыруу механизми катары кызмат кылат».

Илим жана практика көз карашынан алганда биздин өлкөдө социалдык ишти өркүндөтүү максатында башка өлкөлөрдүн тажрыйбасын колдонуу менен байланышкан маселелерди иликтөө кызыгуу жаратат. Акыркы жылдарда ЕАЭБде социалдык камсыздоо жана калкты социалдык коргоо чөйрөсүндө макулдашуу жана өз ара аракеттешүү боюнча иш-чаралар кабыл алынып жатканын белгилей кетүү зарыл. Евразия экономикалык комиссиясынын Статистика департаментинин маалыматтарына ылайык 2022-жылы ЕАЭБ өлкөлөрүнүн арасынан социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча эң мыкты натыйжалар Россияда, эң төмөнкү көрсөткүчтөр – Кыргызстанда болгон (1.2-таблица).

1.2-таблица – ЕАЭБге мүчө-өлкөлөрдүн 2022-жылга негизги социалдыкэкономикалык көрсөткүчтөрү

| | **Армения** | **Беларусь** | **Казакстан** | **Кыргызстан** | **Россия** |
|---|---|---|---|---|---|
| Калктын акчалай кирешелери, айына киши башына, АКШ долл. | * | 368 | 335 | * | 671 |
| Орточо айлык номиналдык эмгек акы, АКШ долл. | 541 | 618 | 669 | **316** | 952 |
| Номиналдык эмгек акы индекстери, өткөн жылга % менен | 115,5 | 113,1 | 123,8 | **131,8** | 112, 6 |
| Белгиленген пенсиялардын орточо өлчөмү, АКШ долл. | 87 | 194 | - | **76** | 226 |
| Жаш курагы боюнча пенсиянын минималдык өлчөмү, АКШ долл. | 55 | 149 | 100 | ***** | * |
| Пенсиянын базалык (фиксирленген) бөлүгүнүн өлчөмү, АКШ долл. | 37 | * | 43 | **21** | 82 |


| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Эмгек акынын минималдык өлчөмү, жалдын аягына; АКШ долл. | 172 | 187 | 128 | **26** | 234 |
| Жашоо минимунун өлчөмү, киши башына жылына орто эсеп менен, АКШ долл. | * | 115 | 95 | **85** | 199 |
| Кедейчилик деңгээли, % | 26,5 | 4,1 | 5,2 | **33,3** | 11,0 |
| Катталган жумушсуздуктун деңгээли, жумушчу күчүнүн санына % менен | 3,7 | 0,1 | 1,4 | **2,8** | 0,8 |

* *көрсөткүч аныкталбайт*

Булагы: автор тарабынан ЕАЭБ статистика маалыматтарынын негизинде түзүлдү [https://eec.eaeunion.org/comission/department/dep_stat/union_stat/?ysclid=lufbo1flr1133526100].

Демек, калктын акчалай кирешелеринин деңгээли боюнча Россия алдыда, экинчи орунду Беларусь ээлейт. Орточо айлык номиналдык эмгек акы Кыргызстанда 316 АКШ долл. түзгөн, бул Россиянын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 3 эсе, Казакстандан 2 эседен көбүрөөккө аз, анткен менен, 2022жылы эмгек акынын эң жогорку өсүү темпи Кыргызстанда (131,8%) байкалганын белгилей кетүү зарыл. Пенсиялардын орточо өлчөмү Кыргызстанда 76 АКШ долл. түзсө, Россияда бул көрсөткүч 226 АКШ долл., Беларуста 194 АКШ долл. түзгөн. Эмгек акынын минималдык өлчөмү Кыргызстанда Россиянын көрсөткүчүнөн дээрлик 10 эсе, Беларусь жана Армениядан – 7 эсе, Казакстандан – 5 эсе артта. ЕАЭБ өлкөлөрүнүн арасынан кедейчиликтин эң жогорку деңгээли Кыргызстанда (33,3%), андан кийин 26,5% көрсөткүч менен Армения турат, Россияда кедейчилик категориясына калктын 11%, коңшу Казакстанда - 5,2% кирет. Расмий маалыматтар ЕАЭБге мүчө-өлкөлөрдүн ичинен жумушчулардын саны эң аз Беларусь – 39,2 миң жумушсуз, же эмгекке жарамдуу калктын 0,1%, жумушсуз болуп Россияда экономикалык жактан эмгекке жарамдуу калктын 0,8%, Казакстанда - 1,4% саналат, ЕАЭБде эң жогорку көрсөткүч Арменияда - 3,7%.

Социалдык камсыздоонун абалынын анализинде маанилүү көрсөткүч деп мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгымдарында социалдык коргоого чыгымдардын үлүшүн эсептейбиз. Бул көрсөткүч боюнча ЕАЭБ өлкөлөрүнүн салыштырмалуу-динамикалык анализи 1.1-сүрөттө берилди.




1.1-сүрөт - Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгымдарында социалдык коргоого чыгымдардын үлүшү 2018-2022-ж.ж., жыйынтыкка % менен

Булагы: автор тарабынан ЕАЭБ статистика маалыматтарынын негизинде түзүлдү [https://eec.eaeunion.org/comission/department/dep_stat/union_stat/?ysclid=lufbo1flr1133526100]

Социалдык коргоо максаттарына Казакстан жана Россия мамлекеттик бюджеттен 30% тегерегинде жумшайт, көрсөткүчтүн терс динамикасы Арменияда байкалат – 2022-жылы 23,4% (2018-жылы 27,4%). Кыргызстанда 2018-жылы 20,7%дан 2022-жылы 6,4%га чейин кескин кыскаруу орун алган.

Жүргүзүлгөн анализдин жыйынтыгында Казакстан Республикасынын милдеттүү социалдык медициналык камсыздандыруу маселеси боюнча тажрыйбасын, кирешелери төмөн үй-бүлөлөргө иш менен камсыз кылуу программаларына катышуу шартында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу мамлекеттик бюджеттен даректүү социалдык коргоо тажрыйбасын кийирүүнү сунуштайбыз.

Экинчи “**Кыргыз Республикасынын Ош облусунда калкты социалдык коргоонун абалы**“ деп аталган бапта Кыргыз Республикасында жана анын региондорунда калкты социалдык коргоо системасынын абалы изилденди, Кыргыз Республикасындагы социалдык программаларга жана алардын региондордогу калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга таасирине комплекстүү баа берилди.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп региондордун алкагында калкты социалдык коргоо эсептелет. **Изилдөөнүн предмети** болуп социалдык чөйрөнү өнүктүрүүнүн региондук көйгөйлөрү жана аларды чечүү жолдору саналат. Теориялык-методологиялык жоболорду изилдөөдө жана практикалык тыянактарды негиздөөдө логикалык моделдештирүү, диалектикалык, системалык жана экономикалык-математикалык анализ ыкмалары колдонулду.

Социалдык коргоого чыгымдар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чыгымдарынын эң чоң бөлүгүн түзөт. Социалдык коргоонун

негизги түзүүчүлөрү болуп социалдык жардам, социалдык камсыздандыруу жана эмгек рыногундагы стратегиялар эсептелет. Мында улгайган адамдарды социалдык камсыздандыруу баарын камтуу мүнөзүнө ээ.

Коомдун социалдык өнүгүүсүнүн эң маанилүү көрсөткүчү болуп калк саналат. КР УСКнын маалыматтарына ылайык, өлкөнүн калкынын саны табигый жана миграциялык процесстердин натыйжасында акыркы 5 жылда 648 миң адамга, же 10,1%га көбөйүп, 2023-жылдын 1-январына 7 млн 37 миң адамды түзгөн. 2.1-сүрөттө КРнын калкынын табигый өсүшү боюнча маалыматтар келтирилди.

Диаграмманын маалыматтары калктын табигый өсүшүнүн төмөндөшү 2020-жылы башталганын, 5 жылда көрсөткүчтүн өсүү темпинин кыскарышы 14% түзгөнүн көрсөттү. Республиканын региондору боюнча алганда калктын табигый өсүшү Ош облусунда көбөйүү тенденциясы менен мүнөздөлөт. Калктын табигый өсүшү көрсөткүчүнүн эң көп азайышы Нарын жана Ысык-Көл облустарында орун алган.

КРнын калкынын табигый өсүшү жогору болгондугуна байланыштуу эмгек рыногунда эмгек ресурстарынын, эмгекке жарамдуу куракка жеткен жана кесиптик билими жок адамдардын санынын өсүшү байкалат. Жумушчу күчүнүн жана республиканын жумуш менен камсыз болгон калкынын санынын өсүү темптери акыркы 5 жыл ичинде болжол менен бирдей – тиешелүү түрдө 6,2% жана 7,9%.




2.1-сүрөт – КРнын калкынын табигый өсүшүнүн көрсөткүчү, адам

Булагы: автор тарабынан [Кыргызстан сандарда: стат. жыйнак. – Бишкек: КР Улуттук статкому, 2023] маалыматтарынын негизинде түзүлдү

Калктын иш менен камсыз болуу көрсөткүчү 2022-жылы 57,1% түзгөн, бул 2018-жылдын көрсөткүчүнөн 2,1% жогору.

Жумушсуздуктун деңгээли төмөндөгөн (23,2%га) менен, 2022-жылды кошпогондо катталган жумушсуздардын санынын өсүү тенденциясы байкалат.

Өлкөдө жумушсуздардын жалпы саны 2022-жылы 74683 адамды түзүп, 2018жылга салыштырмалуу 3814 адамга же 5,4%га көбөйгөн. Региондор боюнча алганда өлкөнүн жумуш менен камсыз болгон калкынын төрттөн бири Ош облусунда, 19% Бишкек шаарында, 16% - Жалал-Абад облусунда, 14% - Чүй облусунда жашайт.

Изилдөөлөр жана калкты сурамжылоолор жумуш орундарынын жетишсиздиги өзгөчө региондордо башкы көйгөй болуп саналарын көрсөттү, мындан улам жаңы жумуш орундарын түзүү калктын кирешелерин жана жашоо деңгээлин жогорулатуунун иштиктүү шаймандарынын бири болуп саналат. 2018-2022-ж.ж. жаңыдан түзүлгөн жумуш орундары көрсөткүчү жалпысынан оң динамика менен мүнөздөлөт. Жаңыдан түзүлгөн жумуш орундарынын санынын 2022-жылы 2018-жылга салыштырмалуу эң чоң өсүү темптери Бишкек (177,4%) жана Ош (146%) шаарларында, Нарын облусунда (141%) байкалган. Көрсөткүч Баткен (44%) жана Ош (56,4%) облустарында кескин кыскарган.

Акыркы жылдарда социалдык чөйрөдө калктын жашоо деңгээлинин негизги индикаторлорунун акырындык менен жакшырып жаткандыгы байкалат.
Алсак, калктын киши башына акчалай кирешелери Кыргызстанда 2018-2022-ж.ж. 1,4 эсе көбөйгөн (2.1-таблица). Кызматкерлердин өздүк кирешелеринин негизи жана кайталап өндүрүүнүн жана калктын бакубаттуулугун жогорулатуунун каражаты катары эмгек акы туруктуу өсүү тенденциясына ээ, ал 2022-жылы 2018-жылга салыштырмалуу 10193 сомго же 62,1%га көбөйүп, 26620 сомду түзгөн.

Аймактык көрсөткүчтөр боюнча алганда, орточо айлык эмгек акынын эң жогорку деңгээли 2022-жылы Бишкек шаарында катталган - 32229 сом. Андан кийин Нарын (27452 сом) жана Талас (26804 сом) облустары турат.

2.1-таблица – КРнын калкынын жашоо деңгээлинин негизги көрсөткүчтөрү

| | **2018-ж.** | **2019-ж.** | **2020-ж.** | **2021-ж.** | **2022-ж.** | **2022-ж. 2018-ж. карата, %** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Калктын акчалай кирешелери (орточо орто эсеп менен киши башына), сом | 4 739,4 | 5 337,3 | 5 684,7 | 5 625,4 | 6 647,8 | 140,3 |
| Бир кызматкердин орточо айлык эсептелген эмгек акысы, сом | 15 670 | 16 427 | 17 232 | 18 940 | 19 330 | 123,3 |
| Бир пенсионердин эсептелген айлык пенсиясынын орточо өлчөмү, сом | 5 578,0 | 5 761,0 | 5 960,0 | 6 101,6 | 6 412,8 | 114,9 |
| Жашоо минимумунун азык-түлүк куржунунун наркы, сом | 3 185,5 | 3 115,2 | 3 124,1 | 3 483,1 | 4 074,4 | 127,9 |
| Киши башына орто эсеп менен жашоо минимумунун чондугу, айына сом | 4 900,8 | 4 792,5 | 4 806,3 | 5 358,5 | 6 268,3 | 127,9 |


Булагы: автор тарабынан [2018-2022-ж.ж. КР калкынын жашоо деңгээли: стат. жыйнак.

– Бишкек: КР Улуттук статкому, 2023] маалыматтарынын негизинде түзүлдү

Эмгек акынын эң төмөн деңгээли Ош облусунда катталган, бул эмгек ресурстарынын ашыкчалыгы, калктын жыштыгы, жумуш орундарынын аз саны жана эмгек рыногунда ишке жайгашуу мүмкүнчүлүктөрүн жана эмгек акыны төмөндөтүүчү атаандаштыктын жогорку деңгээли менен байланышкан.

Өлкөнүн калкынын жашоо деңгээлин чагылдырган маанилүү көрсөткүч болуп кедейчиликтин деңгээли саналат. КР УСКнын методикасына ылайык, кедейлерге жашоо минимумунан төмөн кирешелерге ээ болгондордун бардыгы кирет. 2019-жылдагы пандемиянын натыйжасындагы экономикалык каатчылык, тилекке каршы, калктын кедейчилик деңгээлинин өсүшүнө алып келди, анын КР региондору боюнча 2018-2022-ж.ж. динамикасы 2.2-сүрөттө чагылдырылды.

2.2-сүрөт – КРнын региондору боюнча кедейчиликтин деңгээли, % менен




Булагы: автор тарабынан КР Улуттук статкомунун маалыматтарын жалпылоонун негизинде түзүлдү [https://stat.kg/ru/gendernaya-statistika/uroven-zhizni/uroven-bednosti/]

Кедейчилик боюнча эң аялуу региондорго Жалал-Абад (43,2%), Баткен (40,7%) жана Нарын (39,2%) облустары кирет, кедейчиликтеги калктын эң көп саны дал ушул облустарда жашайт. Кедейчилик деңгээли Талас (23,5%), Ош (23,8%) облустарында жана Ош шаарында (28,6%) бир топ төмөн.

Мындай шарттарда социалдык коргоонун жана социалдык камсыздандыруунун ролу айрыкча актуалдашууда. Аялуу жана аз камсыз болгон жана жарандарга социалдык жардам көрсөтүү максатында мамлекет төлөмдөрдү жүргүзөт.

2022-жылдын аягына мамлекеттик жөлөк пул алуучулардын саны 542 миң адамдан ашык болгон (бул 1991-жылга салыштырмалуу 18 эсе көп), алардын ичинен аз камсыз болгон балалуу үй-бүлөлөргө ай сайын берилүүчү жөлөк

пулду 110,9 миң үй-бүлөдөн 330 миң адам алат, социалдык жөлөк пул – 92,8 миң адам, “Балага сүйүнчү" программасынын алкагында бала төрөлгөндө бир жолу берилүүчү бирдиктүү жөлөк пул - 91,2 миң адам алат. Социалдык коргоо системасына тартылган республиканын калкынын үлүшүнүн динамикасы 2.2таблицада берилди.

2.2-таблица – КРнын социалдык коргоо системасына тартылган калкынын үлүшү, % менен


| | 2018-ж. | 2019-ж. | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж. | 2022-ж. 2018-ж. карата, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Улуттук аныктамаларга ылайык кедейчиликтин бардык көрүнүштөрүндө жашаган бардык курактардагы эркектердин, аялдардын жана балдардын үлүшү | 45,8 | 42,3 | 42,2 | 48,5 | 47,4 | 3,4 |
| Социалдык коргоонун минималдык деңгээлине/системаларына камтылган калктын үлүшү | 16,6 | 17,1 | 17,7 | 18 | 17,1 | 3,01 |
| ЕПМС, социалдык жөлөк пул жана пенсия алган калктын үлүшү | 4,5 | 4,7 | 5,1 | 5,33 | 4,9 | 8,8 |
| Калктын жалпы санындагы майыптык боюнча пенсия жана жөлөк пул алган калктын үлүшү | 2,93 | 2,93 | 2,98 | 2,98 | 2,98 | 1,7 |
| Жашоо минимумунан төмөн пенсия алган жаш курагы боюнча пенсионерлердин үлүшү | 2,16 | 2,26 | 2,4 | 3,5 | 3,8 | 75,9 |

Булагы: автор тарабынан КР Соцфондунун маалыматтарын жалпылоонун негизинде түзүлдү [Электрондук ресурс] [http://socfond.kg/]

Таблицанын маалыматтары боюнча кедейчиликте жашаган адамдардын үлүшү кыскарган менен, жашоо минимумунан төмөн пенсия алган жаш курагы боюнча пенсионерлердин үлүшү акыркы 5 жылда 61,3%га көбөйгөн. Жалпысынан, КРнын калкынын социалдык коргоо системасына тартылуу көрсөткүчүнүн динамикасы 2018-2022-жылдарга салыштырмалуу туруктуу, бирок аларга муктаж болгондордун үлүшү көрсөткүчүнөн бир топ төмөн. Пенсиялардын жана жөлөк пулдардын өлчөмдөрү акырындык менен көбөйүп жаткандыгын белгилей кетүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын социалдык коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдары болуп Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги, Саламаттыкты сактоо министрлиги, Социалдык фонд саналат. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин карамагында республикалык бюджеттен каржыланган 16 социалдык стационардык мекеме бар. Бул мекемелерде 2191 адам, анын ичинен 508 – улгайган жарандар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, 1683 - психоневрологиялык диагнозу бар улуулар жана балдар кармалат.

КРнын Социалдык фондунун жалпы кирешелери 2022-жылы 81 млн 540 миң сомду түзгөн, бул ИДПнын жалпы көлөмүнө карата 8,8% түзөт, Социалдык фонддун жалпы чыгымдары 71 млн 200 миң сомду түзгөн, бюджеттин профицити 10,3 млн сомду түзгөн (2.3-сүрөт).




2.3-сүрөт - Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун негизги көрсөткүчтөрү, млн сом Булагы: автор тарабынан КР Соцфондунун маалыматтарын [Электрондук ресурс]. – [http://socfond.kg/] жалпылоонун негизинде түзүлдү.

Диаграмма КРнын Социалдык фондунун бюджетинин кирешелери менен чыгымдарынын туруктуу көбөйүшүн чагылдырат. Акыркы 5 жылда кирешелер 31,5 млн сомго (60%га), ал эми 2021-жылга салыштырмалуу - 18 млн 986,6 миң сомго (30,4%га) көбөйгөн. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун чыгымдары 2022-жылы 60 758,6 млн. сомду түзгөн, бул ИДПнын көлөмүнө карата 8,4% болгон. Бюджеттин чыгымдарынын өсүшү 5 жыл ичинде 20,9 млн сомду (41,5%) түзгөн, 2021-жылга салыштырмалуу чыгымдар 10 млн 393 миң сомго (117,1%) көбөйгөн.

2022-жылга кирешелердин түзүмүндө камсыздандыруу салымдары 61% же 38 356,6 млн сомду түзгөн, республикалык бюджеттин ассигнованиелеринен келип түшүүлөр 38,1% же 23 827,3 млн сом болгон. Социалдык коргоо чыгымдар 2022-жылы 2018-жылга салыштырмалуу 9 млн 702,90 сомго көбөйүп, 36,6 млн. сомду түзгөн (2.3-таблица).

2.3-таблица – КРнын социалдык коргоо чыгымдары, 2010-2022-ж.ж.


| Жылдар | КРнын мам. бюджетинин чыгымдары (млн сом) | Соц. коргоо чыгымдар (млн сом) | Мам. бюдж. чыгымдарында үлүшү (%) | Жылдар | КРнын мам. бюджетинин чыгымдары (млн сом) | Соц. коргоо чыгымдар (млн сом) | Мам. бюдж. чыгымдарында үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2010 | 68 781,2 | 11073,8 | 16,1 | 2017 | 166 023,6 | 26895,8 | 16,2 |
| 2011 | 91 544,1 | 14189,3 | 15,5 | 2018 | 157 796,0 | 30139,0 | 19,1 |
| 2012 | 107 240,4 | 17480,2 | 16,3 | 2019 | 167 843,9 | 32729,6 | 19,5 |
| 2013 | 104 271,3 | 20332,9 | 19,5 | 2020 | 171 873,9 | 34374,8 | 20,0 |
| 2014 | 121 303,7 | 23290,3 | 19,2 | 2021 | 211 700,8 | 36624,2 | 17,3 |
| 2015 | 134 572,2 | 24761,3 | 18,4 | 2022 | 311 142,3 | 48227,1 | 15,5 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2016 | 151 558,9 | 25007,2 | 16,5 | | | | | |

Булагы: автор тарабынан КР Улуттук статкомунун маалыматтарын жалпылоонун негизинде түзүлдү [https://stat.kg/ru/news/cifry-i-fakty-osnovnye-pokazateli-socialnogoobespecheniya-naseleniya-v-kyrgyzskoj-respublike-v-2019-godu/]

Демек, 2018-2022-жылдардагы 5 жылдык мезгил аралыгында социалдык коргоого чыгымдар 136,2%га көбөйгөн, мында тутумдаш жылдык өсүү темптери 7,6%, 12,1%, 8,6%, 5,0% жана 6,5% түзгөн. 2022-жылы 2021-жылга карата өсүү 31,7% жана 2018-жылга карата өсүү 36,2% социалдык коргоого чыгымдардын бир топ көбөйүшүн тастыктайт, анткен менен алардын КР мамлекеттик бюджетиндеги үлүшү 15,5 эле пайызды түзгөн, бул бардык жылдар аралыгындагы эң аз көрсөткүч болуп эсептелет.

Математикалык моделдештирүү ыкмасын колдонуу менен 2.3-таблицанын маалыматтарынын негизинде мамлекеттин социалдык коргоого чыгымдарынын маанилери аныкталды, алар 2.4-сүрөттө чагылдырылды.




2.4-сүрөт – КРнын социалдык коргоого чыгымдары, 2010-2022-ж.ж.

Булагы: автор тарабынан КР Улуттук статкомунун маалыматтарын жалпылоонун негизинде түзүлдү [https://stat.kg/ru/news/cifry-i-fakty-osnovnye-pokazateli-socialnogoobespecheniya-naseleniya-v-kyrgyzskoj-respublike-v-2019-godu/]

Социалдык фонддун чыгымдарында негизги үлүштү Пенсиялык фондго чыгымдар ээлейт, алар 2022-жылы 55 623,3 млн сомду түзгөн, 2020-жылга салыштырмалуу өсүү 3 361,3 млн сомго барабар, бул пенсиялардын өлчөмүнүн жыл сайын көтөрүлүшү менен шартталган. 2022-жылдын аягына 758 миң адам КРнын Социалдык фондунда жана башка мамлекеттик органдарда пенсия алуучулар катары каттоодо турган. Пенсионерлердин калктын жалпы санындагы үлүшү 10% түзөт. 5 жылдык мезгил ичинде белгиленген бир айлык пенсиялардын орточо өлчөмү 2018-жылы 5 578 сомдон 2022-жылы 6 412 сомго көбөйгөн. 2023-жылдын октябрынан тартып орточо пенсиянын өлчөмү 9354 сомду түзгөн.

Изилдөөнүн алкагында Ош облусунун калкын социалдык коргоого чыгымдар боюнча маалыматтардын негизинде алардын өзгөрүү тенденциялары аныкталды. Бул үчүн керектүү көрсөткүчтөр боюнча 2.4-таблицага түшүрүлдү.

2.4-таблицанын маалыматтарынын анализи акыркы он жылдык мезгил аралыгында социалдык коргоого чыгымдар негизинен оң өсүү тенденциясына ээ экендигин көрсөттү.


2.4-таблица - 2010-2022-ж.ж. Ош облусунун социалдык коргоого чыгымдары

| Жылдар | ДРП, млн. сом | Социалдык коргоого чыгымдар, млн. сом | Мамлекеттик бюджеттин чыгымдары, млн. сом |
|---|---|---|---|
| 2010 | 20 400,8 | 14206,4 | 2 149,2 |
| 2011 | 28 388,4 | 16483,2 | 3 220,7 |
| 2012 | 26 970,9 | 20055,6 | 3 638,0 |
| 2013 | 27 334,0 | 22733,3 | 2 832,2 |
| **2014** | **30 815,3** | **38446,7** | **1 525,6** |
| 2015 | 31 706,7 | 39749,8 | 1 639,8 |
| 2016 | 32 778,8 | 55129,9 | 1 704,3 |
| 2017 | 37 248,1 | 55162,7 | 1 889,9 |
| **2018** | **42 540,5** | **62087,6** | **2 287,7** |
| 2019 | 47 588,8 | 70380,9 | 2 292,5 |
| 2020 | 50 996,5 | 69679,6 | 1 974,8 |
| 2021 | 60 550,7 | 89896,8 | 2 601,4 |
| **2022** | **63 578,2** | **98580,3** | **3 297,2** |

Булагы: [Ош облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсү 2018-2022-ж.ж.: стат. жыйнак. - Ош: Ошоблстат, 2023]

Ош облусунун социалдык коргоого чыгымдары 2022-жылы 98580,3 млн сомду түзгөн, акыркы беш жылдык мезгилде (2018 жана 2014-жылдарга) тиешелүү түрдө 158,8% жана 256,4%га же 1,6 эсе жана 2,6 эсе көбөйгөн. Социалдык коргоого чыгымдардын келечек мезгилдерге өзгөрүүлөрүн жана өсүшүн аныктоо үчүн тенденцияларды – бул процессти сүрөттөгөн тренддерди аныктайбыз.

2.4-таблицанын үчүнчү мамычасынын маалыматтарынын негизинде баштапкы динамикалык катарды – Ош облусу боюнча социалдык коргоого чыгымдарды аналитикалык алмаштыруу үчүн эң мыкты формуланы тандап алабыз (2.5-сүрөт).




2.5-сүрөт - Ош облусунун социалдык коргоого чыгымдары, 2010-2022-ж.ж.

Булагы: автор тарабынан КР Улуттук статкомунун маалыматтарын негизинде түзүлдү [https://stat.kg/ru/news/cifry-i-fakty-osnovnye-pokazateli-socialnogo-obespecheniya-naseleniya-vkyrgyzskoj-respublike-v-2019-godu/]

2.4-таблицанын маалыматтарын жана компьютердин жардамында тренддик моделдерди иликтеп чыгып, Ош облусунун социалдык коргоого чыгымдары *(y) полиномиалдык (n=2)*:

$$y=177\cdot x^2+4405{,}9\cdot x+7262{,}1;\ R^2=0{,}9776 \quad (1)$$

же *сызыктуу функция:*

$$y=7018{,}9\cdot x+1067;\ R^2=0{,}9708\%$$

менен жакшыраак сүрөттөлөт деген тыянакка келебиз.

Тренддердин графиктерин жана алардын жайгашуусун акыркы 2021 жана 2022-жылдарга чыгымдардын маанилерине карата салыштыруу *полиномиалдык үч мүчө* катары аппроксимацияланган функцияны тандоо үчүн негиз болуп саналат.

Мындан тышкары сызыктуу регрессиялык модель көпчүлүк кырдаалдарда башкаларга караганда жакшыраак болгон менен, полиномиалдык тренддин детерминация индекси жогору болот, анткени анда божомолдун олуттуу катачылыгы тобокелчилиги азыраак.

Ош облусунун социалдык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн комплекстүү анализи региондун өнүгүү деңгээли канчалык жогору болсо, социалдык чөйрөнү каржылоо үчүн ресурстар ошончолук көбүрөөк, жана калктын жашоосунун деңгээлин жана сапатын жогорулатуу үчүн мүмкүнчүлүктөр жогорураак болоорун көрсөттү.

Жогорудагылардан улам, социалдык коргоо системасын социалдык чөйрөнү оптималдаштыруу жана аны өнүктүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында реформалоо боюнча ырааттуу иш алып баруу зарыл деп эсептейбиз.

Үчүнчү **“Региондун калкын социалдык коргоо системасын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары”** деп аталган бапта региондо калкты социалдык коргоо системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары аныкталып, Ош облусунда калкты социалдык коргоону каржылык камсыздоонун механизми жана социалдык коргоо программасынын натыйжалуулугунун божомол көрсөткүчтөрү сунуш кылынды.

Социалдык тейлөө мекемелеринин системасын оптималдаштыруунун стратегиялык багыттарына төмөнкүлөрдү киргизүү зарыл деп эсептейбиз:

- социалдык тейлөөнүн аракеттеги мекемелеринин ишин уюштуруу ыкмаларын өзгөртүү;
- тейлөөнүн инновациялык формаларын кийирүү;
- түзүмдү улгайган куракдагы жарандарды тейлөөнүн жаңы формалары менен толуктоо (пенсиялык курактагы жарандар үчүн социалдык-эс алуу бөлүмдөр, психологиялык жардам бөлүмдөрү);
- майыптарды социалдык реабилитациялоо мекемелери;
- ар бир райондо үй-бүлөлөргө жана балдарга социалдык жардам берүү борборлорун түзүү, облустун аймагында жашаган жерине карабастан үйбүлөлөргө жана балдарга көрсөтүлүүчү кепилденген жана кошумча мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын камсыздоо;
- үй-бүлөлөр жана балдар менен үй-бүлөлүк зомбулукту жана балдардын кароосуздугунун алдын алууга багытталган иш алып баруунун жаңы формаларын жана технологияларын иштеп чыгуу жана кийирүү;
- облустагы социалдык чөйрөнүн бардык уюмдарынын ишмердүүлүгүнө заманбап маалыматтык технологияларды кийирүү.

2018-2040-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруунун алкагында калкты социалдык коргоо системасын модернизациялоо максатында төмөнкү иш-чараларды ишке ашыруу зарыл деп эсептейбиз:

1) социалдык саясаттын алкагында бийликтин аткаруу, аймактык органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мекемелердин, уюмдардын ортосундагы мамилелерди бекемдөө;

2) мамлекеттик эмес сектордун социалдык чөйрөдөгү үлүшүн көбөйтүү калкка социалдык кызматтарды көрсөтүү боюнча ишмердүүлүктү мыйзамдар менен уруксат берүү түрүндө уюштуруу;

3) бийликтин аймактык органдарынын ортосунда социалдык саясатты ишке ашыруу үчүн жоопкерчиликти бөлүштүрүү;

4) социалдык камсыздандыруу системасында кадрларды сапаттуу тандоо, алардын мобилдүүлүгү жана квалификацияны тынымсыз жогорулатуу;

5) кабыл алынган мыйзамдардын жана жоболордун өз убагында жана толук аткарылышына көзөмөл;

6) пенсионерлердин жашоо минимумун эмгекке жарамдуу адамдардын жашоо минимумун эске алуу менен бекитүү, саламаттыкты сактоо уюмдарынын көмөгүнүн, тамактануунун өзгөчө байытылган рационунун эсебинен дарыдармек каражаттарына жогору муктаждыкты камсыздоо жана саламаттыкка колдоо көрсөтүү.

Каржыны кайталап өндүрүү жана кайра бөлүштүрүү концепциясынын көз карашынан алганда калкты социалдык коргоону өзүнчө каржылык категория жана каржылык институт катары кароого болот. Бул каржылык институтту жеке каржылык институттардан, мамлекеттик социалдык субсидиялардын жана социалдык жеңилдиктерден турган татаал система катары кароонун натыйжасында, биз социалдык коргоону институционалдык камсыздоонун механизмин тактадык. Бул талаптарга ылайык социалдык мүнөздөмөлөрү боюнча бизге жакын өлкөлөрдүн тажрыйбасынын негизинде каокты социалдык коргоонун перспективдүү модели сунушталды.

Тренддик теңдемени колдонуп 2023-2025-жылдарга социалдык оргоого чыгымдардын божомол маанилерин ($y_{пр}$) эсептеп чыктык: $y_{пр(2023)} = 177 \cdot 14^2 + 4405{,}9 \cdot 14 + 7262{,}1 = 105525{,}7$;

$$y_{пр(2024)} = 177 \cdot 15^2 + 4405{,}9 \cdot 15 + 7262{,}1 = 115199{,}6\ ;$$

$$y_{пр(2025)} = 177 \cdot 16^2 + 4405{,}9 \cdot 16 + 7262{,}1 = 125227{,}5.$$

Божомол маанилердин негизинде социалдык оргоого чыгымдар 2025жылы 2018 жана 2022-жылдарга салыштырмалуу тиешелүү түрдө 63140,1 миң сомго жана 26647,2 миң сомго көбөйөт, же өсүү 201,7%ды же 2 эсе жана 127,0%ды түзөт деп тыянак чыгарууга болот. 2023-2025-ж.ж. божомол маанилер көрсөткөндөй, социалдык коргоого чыгымдардын жылдык өсүү темптери болжол менен 7-9% түзөт, бул пенсияларды, жөлөк пулдарды жана башка социалдык мүнөздөгү төлөмдөрдү жогорулатуу үчүн негиз болот.

## ТЫЯНАКТАР:

Диссертациялык иште иштелип чыккан теориялык, методологиялык жана практикалык жоболор, региондордо социалдык коргоону өнүктүрүүнүн изилдөөчүлүү базасын толуктоо менен, эң маанилүү илимий маселени – социалдык чөйрөнү өркүндөтүү жана калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу теориясын жана практикалык милдетин калыптандырууга шарт түзөт.

Изилдөөнүн натыйжалары боюнча төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

1. Калкты социалдык жактан коргоо адамдардын жашоосун жана коопсуздугун, калктын жыргалчылыгын камсыздоону көздөйт, бул, өз кезегинде, мамлекеттин социалдык-экономикалык туруктуулугуна бекемдейт. Каклты социалдык камсыздоонун жана коргоонун маңызы теңдештик принцибин сактоо менен калктын аялуу катмарларынын статусун бекемдөө боюнча чараларды кабыл алууга турат.

2. Социалдык өнүгүүнүн чет өлкөлүк тажрыйбасын изилдөө ал негизинен мыйзамдар менен жөнгө салынаарын көрсөттү. Эл аралык тажрыйбада социалдык саясатын ар кандай моделдели бар, алардын ичинен азыркы Кыргызстандын шарттарына эң жакыны болуп Конто-скандинавиялык модель саналат, ал өзүнө скандинавиялык жана континенталдык моделдердин элементтерин камтыйт. Андан тышкары, Казакстан Республикасынын милдеттүү социалдык медициналык камсыздандырууга төлөмдөрүнүн ставкалары боюнча тажрыйбасы, ошондой эле пенисонерлер үчүн Германиянын аянтты эске алуу менен коммуналдык кызматтарга киши башына салыктан бошотуу системасы боюнча тажрыйбасы кызыгуу жаратат, жана алардын тажрыйбасын кыргыз экономикасында колдонуу максатка ылайык.

3. Социалдык саясаттын субъектилерин, объектилерин, принциптерин жана максаттарын карап чыгып, социалдык саясаттын төмөнкүдөй аныктамасын сунуштайбыз: «социалдык саясат, мамлекеттик саясаттын эң маанилүү түзүүчүлөрүнүн бири болуп эсептелип, калкты социалдык камсыздоонун жана социалдык коргоонун институционалдык негизин түзөт жана ишке ашыруу механизми болуп саналат». Социалдык саясаттын шаймандарына административдик шаймандар, каржылык шаймандар жана чарбалык келишимдерди чектөө кирет. Социалдык өзгөрүүлөрдүн төмөнкүдөй факторлору бар: илимий (социалдык көйгөйлөрдү изилдөө); идеологиялык (доктриналар, программалар); технологиялык (илимий-техникалык прогресс ж.б.у.с.); институционалдык (саясий, экономикалык). Ошондой эле социалдык өнүгүүнүн ички жана тышкы факторлорун бөлүп кароого болот.

4. ЕАЭБ өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстанда жумушсуздуктун деңгээли эң жогору. Ош облусунда жаштардын жана аялдардын иш менен камсыз болуу көйгөйү курч бойдон кала берүүдө. Изилдөөлөр КРда, анын ичинде ОШ облусунда социалдык кызматтарды көрсөтүү системасында бир топ көйгөйлөр бар жана өркүндөтүүгө муктаж көрсөттү, алар: атаандаштык чөйрөсүн калыптандыруу көйгөйлөрү; социалдык тейлөөнүн бирдиктүү жана

толук кандуу системаларын жакындатуу; социалдык өнүгүүнүн, социалдык кызматтардын жана социалдык кызматкерлер институтунун заманбап талаптардын алкагында калыптанган кепилденген стандарттарынан жоктугу.

Калкты социалдык камсыздоо системасынын багыты болуп укуктукченемдик, экономикалык, социалдык-психологиялык, уюштуруучулуктехникалык рычагдардын негизинде муктаж болгон адамдарга колдоо жана жардам көрсөтүү саналат. Социалдык чөйрөнүн реформасынын анализи биздин өлкөдө көз карандысыздык алгандан бери билим берүү жана социалдык коргоо чөйрөлөрүндө жүргүзүлгөн реформалардын натыйжалуулугу тууралуу сөз кылуу кыйын экендигин көрсөттү.

5. КРда модернизациялоо боюнча алгачкы кадамдар калкты социалдык коргоо системасынын азыркы абалына туура келген институционалдык чөйрөнү сапаттуу калыптандырууда жана өнүктүрүүдө турууга тийиш. Биз социалдык системанын стратгиялык өсүшү жана жакшырышы үчүн бул тууралуу кам көрүшүбүз керек. Изилдөөнүн нтаыйжалары боюнча биз коомду жана мамлекетти социалдык чөйрөнү кыска мөөнөттүк да, узак мөөнөттүк да перспективада натыйжалуу ишмердүүлүккө багыттай турган моделди сунуштадык. Бул моделге ылайык, социалдык өнүгүүнүн, анын ичинен маданияттын, саламаттыкты сактоонун, билим берүүнүн жана калктын жашоо деңгээлинин туруктуу темптерин камсыз кылуу зарыл.

6. Калкты социалдык жактан коргоого чыгымдардын божомолу социалдык төлөмдөрдүн өлчөмун жогорулатуу калктын кирешелерин жана жашоо деңгээлин жогорулатууга шарт түзөрүн көрсөттү, бул кедейчиликтин деңгээлин төмөндөтүүгө шарт түзөт. Мынлай божомол экономикалык өсүш, саясий стабилдүүлүк жана натыйжалуу социалдык-экономикалык саясатты ишке ашыруу шарттарында жүзөгө ашат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР

Ош облусунун мисалында социалдык коргоону калыптандырууну жана өнүктүрүүнү талдоо каржылоону өнүктүрүү, санариптик технологияларды киргизүү ж. б. зарылдыгын аныктады, ушуга байланыштуу экономикалык өнүктүрүү жана коомдук бакубаттуулук үчүн маанилүү болгон төмөнкү сунуштарды иштеп чыгуу маселеси турат:

1."Социалдык коргоо", "социалдык камсыздоо", "социалдык саясат" түшүнүктөрүнө өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди, социалдык процесстерди башкаруу системасынын элементардык курамы сунушталууда, калкты социалдык коргоо функцияларынын курамы толукталды.

2.Социалдык коргоо жана социалдык саясат боюнча ишмердүүлүккө байланыштуу бул жаатта жогорку жана бай тажрыйбасы бар чет өлкөлөрдүн (АКШ, Япония, Евросоюз жана ЕАЭБ өлкөлөрү) оң жактарын Кыргызстандын тажрыйбасында колдонуу сунушталат. Ошондой эле милдеттүү социалдык медициналык камсыздандыруу маселеси боюнча Казакстандын тажрыйбасын, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү программаларына катышкан шартта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу мамлекеттик бюджеттин эсебинен даректүү социалдык коргоо көрсөтүү боюнча Өзбекстандын тажрыйбасын колдонуу сунушталат.

3.Кыргыз Республикасында модернизациялоонун алгачкы кадамдары калкты социалдык коргоо системасынын заманбап реалдуулугуна ылайык келген институттук чөйрөнү сапаттуу түзүү жана өнүктүрүү маселелери менен байланыштуу болушу керек. Изилдөөлөрдүн негизинде биз коомду жана мамлекетти кыска жана узак мөөнөттүү келечекте эффективдүү иштөөгө багыттай турган моделди сунуштадык. Бул моделге ылайык социалдык өнүгүүнүн туруктуу темптерин, анын ичинде маданиятты, саламаттыкты сактоону, билим берүүнү жана калктын жашоо деңгээлин жогорулатууну камсыз кылуу зарыл.

4.Социалдык коргоо системасын финансылык институт катары жеке финансылык институттардан, мамлекеттик социалдык субсидиялардан жана социалдык жеңилдиктерден турган татаал система катары кароонун жыйынтыгында биз тарабынан калкты социалдык коргоонун такталган финансылык механизми жана КР Ош облусунун социалдык коргоо системасын өркүндөтүү боюнча чаралар сунушталды.

5. Ош облусунун калкын социалдык коргоо чыгымдарынын 2025-жылга божомолу көрсөткөндөй, социалдык төлөмдөрдүн жогорулашы калктын кирешесинин жана жарандардын жашоо деңгээлинин жогорулашына өбөлгө түзөт, бул болсо жакырчылыктын деңгээлин төмөндөтүүгө өбөлгө болот.

6.Калктын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү социалдык бакубаттуулукту камсыз кылууда маанилүү роль ойнойт, анткени региондорду туруктуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

1. Касымова, С.М. Детская бедность как одна из социальных проблем [Текст] / Касымова С.М. // Научная дискуссия: инновации в современном мире. - 2016. - № 16. - С. 73-78. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=27509072

2._Касымова, С.М. Социальная защита как феномен социальной политики [Текст] / Касымова С.М. // В сборнике: International Scientific and Practical Conference World science.- Warsaw - 2017. -Т. 2. № 11 (27). - С. 17-19. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=30598617

3. Касымова, С.М. Social protection as a developing social institution [Текст] / Касымова С.М. // В сборнике: Scientific enquiry in the contemporary world: theoretical basics and innovative approach. Research articles. - 2017. - С. 145-148. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=29880649

4.Касымова, С.М. Проблемы интеграции детей с ограниченными возможностями в общество [Текст] / Касымова С.М. // В сборнике: The Twelfth International Conference on Eurasian scientific development. - 2017. - С. 70-72. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=29307923

5.Касымова, С.М. Social investment as an element of sustainable development [Текст] / Касымова С.М., Атабеков А.К. // Web of Scholar. -2018. - № 5. - С. 7-10. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=34927318\

6.Касымова, С.М. Основные направления и пути улучшения занятости населения [Текст] / Касымова С.М., Жороева А.Г., Азимов И.Н., // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран ЦА. - 2020. - № 4. - С. 4-7. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46162573

7.Касымова, С.М. Кыргыз Республикасында жогорку билим берүү системасын өнүктүрүүнүн социалдык-экономикалык көйгөйлөрү [Текст] / Касымова С.М., Маметова Г.А., Азимов И.Н. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2021. - № 7. - С. 96-99. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47474913

8.Касымова, С.М. Рынок экономикасынын шарттарында Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү системасын реформалоо [Текст] / Касымова С.М., Маметова Г. А., Азимов И. Н. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2021. - № 7. - С. 100-104. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47474914

9.Касымова, С.М. Зарубежный опыт развития системы социальной сферы [Текст] / Касымова С.М., Парпиева Ф.М., Омошева Б.И. // Актуальные вопросы современной экономики. - 2021. - № 1. - С. 100-108. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44635387

10.Касымова, С.М. Улучшение системы финансирования социального обеспечения населения КР в условиях рыночной экономики [Текст] / Касымова С.М., Азимов И.Н. // Актуальные вопросы современной экономики. - 2021. - № 4. - С. 329-337. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45658914

11.Касымова, С.М. Методы социального обеспечения и их региональные особенности [Текст] / Касымова С.М., Кайыпкулова А.С. // Актуальные вопросы современной экономики. - 2022. - № 2. - С. 107-113. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48068278

12.Касымова, С.М. Факторы, влияющие на социальное развитие общества [Текст] / Касымова С.М. // Актуальные вопросы современной экономики. - 2023. - С. 497-502 https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50422446

13.Касымова, С.М. Зарубежный опыт социальной защиты населения [Текст] / Касымова С.М., Атабеков А.К. // Сборник статей международного конкурса «Лучшая научная статья - 2023». - 2023. - С. 154-156

14.Касымова, С.М. Особенности социальной защиты населения в регионах [Текст] / Касымова С.М., // Известия Ошского технологического университета. – Ош, 2023. - № 3. - С.269-278. https://www.elibrary.ru/author_items.asp?authorid=918887&show_refs=1&show_option=1

15.Касымова,С.М. Инклюзивное образование и его экономическая эффективность [Текст] / Касымова С.М., //Вестник Ошского государственного университета. - Ош, 2023. - № 3. -С. 91-101. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54886342

**Касымова Сюита Манасовнанын “Рынок шартында социалдык коргоону өнүктүрүүнүн региондук багыттары (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)» деген темада 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**


**Негизги сөздөр:** региондорду социалдык жактан өнүктүрүү, социалдык коргоо, социалдык камсыздоо, социалдык инфратүзүм, калктын жашоо деңгээли, пенсиялык камсыздоо, билим деңгээли, саламаттыкты сактоонун абалы, социалдык төлөмдөр, иш менен камсыз болуу, жумушсуздук.

**Изилдөөнүн максаты** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун социалдык коргоо системасынын өнүгүү тенденцияларын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн, аймактык өзгөчөлүктөрүн иликтөөнүн негизинде аны өркүндөтүү боюнча теориялык, методологиялык жоболорду жана илимий- практикалык сунуштарды негиздөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргыз Республикасынын калкты социалдык жактан коргоо системасы облустар боюнча саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп социалдык чөйрөнү өнүктүрүүнүн аймактык көйгөйлөрү жана аларды чечүү жолдору эсептелет.

**Изилдөө усулдары:** таануунун заманбап усулдары, анын ичинен логикалык моделдештирүү, диалектикалык, системалык жана экономикалык-математикалык анализ ыкмалары.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы:** калкты социалдык жактан коргоонун түшүнүк аппараты такталды жана социалдык-экономикалык манызы, мазмуну, формалары жана функциялары ачып көрсөтүлдү; калкты социалдык жактан коргоонун натыйжалуулугун жогорулатуу зарылдыгы негизделди жана анын натыйжалуу системасын түзүүнүн принциптери жалпыланды; КРнын Ош облусунун социалдык өнүгүү тенденцияларын жана учурдагы абалын комплекстүү талдоонун жана баалоонун натыйжасында анын аймактык өзгөчөлүктөрү, көйгөйлөрү жана артка тартуучу факторлору аныкталды; калкты социалдык жактан коргоону каржылоонун такталган механизми сунушталды; 2023-2025-жылдарга калкты социалдык коргоого чыгымдардын прогноздук маанилери эсептелди.

**Колдонуу деңгээли.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги теориялык жоболору жана практикалык сунуштамалары калкты социалдык жактан коргоону өнүктүрүү стратегияларын жана перспективдүү программаларын иштеп чыгууда мамлекеттик жана жергиликтүү органдар тарабынан пайдаланылышы мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү.** Изилдөөнүн негизги тыянактары жана сунуштамалары жогорку окуу жайларда окутуу процессинде, ошондой эле калктын жашоо деңгээлин талдоо жана прогноздоо менен алектенген мекемелердин жана уюмдардын ишинде колдонулушу мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Касымовой Сюиты Манасовны на тему: «Региональные направления развития социальной защиты в рыночных условиях (на примере Ошской области Кыргызской Республики)», представленной на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова:** социальное развитие регионов, социальная защита, социальное обеспечение, социальная инфраструктура, уровень жизни населения, пенсионное обеспечение, состояние здравоохранения, социальные выплаты, занятость, безработица.

**Целью исследования** является обоснование теоретических, методологических положений и научно-практических рекомендаций по совершенствованию системы социальной защиты населения в Ошской области Кыргызской Республики на основе изучения тенденций и закономерностей ее развития, определения ее региональных особенностей.

**Объектом исследования** является социальная защита населения Кыргызской Республики, представленная в разрезе областей.

**Предметом исследования** явились региональные проблемы развития социальной сферы и пути их решения.

**Методы исследования:** современные методы познания, в том числе методы логического моделирования, диалектического, системного и экономикоматематического анализа.

**Полученные результаты и их новизна:** уточнен понятийный аппарат и раскрыты социально-экономическая сущность, содержание, формы и функции социальной защиты населения; обоснована необходимость повышения эффективности социальной защиты населения и обобщены принципы формирования эффективной системы социальной защиты населения; выявлены ее региональные особенности, сдерживающие факторы по результатам комплексного анализа и оценки ее текущего состояния и тенденций социального развития в Ошской области Кыргызской Республики; предложен уточненный механизм финансирования социальной защиты населения; рассчитаны прогнозные значения расходов на социальную защиту населения на 2023-2025 годы.

**Степень использования.** Основные теоретические положения и практические рекомендации диссертационного исследования могут быть использованы государственными и местными органами управления при разработке стратегий и перспективных программ развития социальной защиты населения.

**Область применения.** Основные выводы и рекомендации исследования могут быть использованы в высших учебных заведениях в процессе преподавания, а также в работе учреждений и организаций, занимающихся анализом и прогнозированием уровня жизни населения.

**SUMMARY**

**of the thesis of Kasymova Suite Manasovna on the topic "Regional directions of development of social protection in market conditions (on the example of the Osh region of the Kyrgyz Republic)", submitted for the degree of Candidate of Economic Sciences in the specialty 08.00.05 – economy and management of the national economy**

**Keywords:** social development of regions, social security, social infrastructure, standard of living of the population, social mobilization, pension provision, educational level, state of health, community organizations, financing of social security, employment, unemployment.

**The aim** of the study is to substantiate theoretical, methodological provisions and scientific and practical recommendations for improving the social protection system of the population in the Osh region of the Kyrgyz Republic on the basis of studying trends and patterns of its development, determining its regional characteristics.

**The object of the study** is the social protection of the population of the Kyrgyz Republic, presented in the context of the regions.

**The subject of the study** was the regional problems of the development of the social sphere and ways to solve them.

**Research methods:** Modern methods of cognition, including methods of logical modeling, dialectical, systemic and economic-mathematical analysis, were used in the study of theoretical and methodological provisions and substantiation of practical conclusions.

**The results obtained and their novelty:** in the theoretical and methodological substantiation of objective conditions for the development of social protection of the population, the development of practical recommendations for its improvement in market conditions. The main scientific results of the study are as follows:- the conceptual apparatus is clarified and the socio-economic essence, content, forms and functions of social protection of the population are disclosed, the principles of forming an effective system of social protection of the population in market conditions are generalized;-the place and role of social protection in the country's economy are substantiated, the instruments of social protection of the population acceptable in the practice of Kyrgyzstan are identified and justified on the basis of the study of foreign experience;-the necessity of improving the effectiveness of social protection of the population is substantiated, its regional features, problems and constraints are identified based on the results of a comprehensive analysis and assessment of its current state and development trends in the Osh region of the Kyrgyz Republic;

**Degree of use.** The suggestions and recommendations put forward in the dissertation are that specific recommendations are given to improve the system of social protection of the population. The main theoretical provisions and practical recommendations of the dissertation research can be used by state and local government bodies in the development of strategies and long-term programs for the development of social protection of the population.

**Scope of application.** The main conclusions and recommendations of the study can be used in higher educational institutions in the process of teaching the disciplines, as well as in the work of institutions and organizations engaged in the analysis and forecasting of the standard of living of the population.